**БИШКЕК ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ДЕПАРТАМЕНТИ**

**ДЕПАРТАМЕНТ ОБРАЗОВАНИЯ**
**МЭРИИ ГОРОДА БИШКЕК**

**БУЙРУК**

**ПРИКАЗ**

2024-ж. 04.03.№ 26 **Бишкек шаары**

**«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү берүү уюмдарына балдарды электрондук каттоо» автоматташтырылган маалыматтык системасы аркылуу балдарды жалпы билим берүү уюмдарынын 1-классына кабыл алуу жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2024-жылдын 1-февралындагы №322/1 буйругунун негизинде «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү берүү уюмдарына балдарды электрондук каттоо» автоматташтырылган маалыматтык системасы («Электрондук каттоо» АМС) аркылуу балдарды жалпы билим берүү уюмдарынын 1-классына кабыл алуу максатында **буйрук кылам:**

1. Райондук Билим билим берүү башкармалыгынын начальниктери буйрук жөнүндө жалпы билим берүү уюмдарына билдирүү жеткиришсин;
2. 2024-2025-окуу жылына карата 2024-жылдын апрель айынан баштап жалпы билим берүү уюмдарынын 1-классына балдарды кабыл алуу «Электрондук каттоо» АМС аркылуу жүргүзүлсүн;
3. «Электрондук каттоо» АМСке керектүү маалыматтарды киргизүүнү жана анын үзгүлтүксүз иштешин камсыздашсын;
4. «Электрондук каттоо» АМС боюнча техникалык колдоо көрсөтүп, суроолорго жооп берүү үчүн чалуу борборун (колл-центр) уюштурсун;
5. Билим берүү департаментинин, райондук билим билим берүү башкармалыгынын жооптуу адистери үчүн уюштурулган окутуу семинарларына катышышсын, катышкан жооптуу адистер алган маалыматтарын жайылтуу үчүн жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилерине семинарларды өткөрүшсүн;
6. Райондук Билим билим берүү башкармалыгынын начальниктери жана жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилери:
   - 2024-жылдын 27-февралынан баштап, 2024-жылдын 15-мартына чейин 2024-2025-окуу жылына карата окутуу тилин эске алуу менен жалпы билим берүү уюмдарынын 1-класстарынын квоталарын бекитип, «Электрондук каттоо» АМСке киргизишсин;

- ата-энелер, коомчулук арасында жалпы билим берүү уюмдарынын 1-классына балдарды кабыл алуу тартиби жөнүндө маалымат компаниясын жүргүзүшсүн;
- жалпы билим берүү уюмдарында кыргыз жана орус класстарын ачууда, орус тилдүү мектептерде кыргыз класстарды ачуунун тең салмактуулук пайызын сактоону эске алуу менен камсыздашсын;

7. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү департаментинин директорунун орун басары Ж.К.Абдыжарапoвага жүктөлсүн.

**Директор** **Р.И.Мусаева**